
# Сырдуу байланыш



Автор: Кубан Сапаралиев

Сүрөтчү: Арууке Исакова

# Сырдуу байланыш

Автор: Кубан Сапаралиев
Сүрөтчү: Арууке Исакова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сырдуу байланыш" (кыргыз тилинде), автор Кубан Сапаралиев, сүрөтчү Арууке Исакова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тоо жолунда келе жаткан машина жайлап барып токтоду. Анын жарыгы түшкөн төмөн жактан кенен жайык көрүндү.

– Жеттик, – деди жарыкты өчүрүп-күйгүзгөн Улан. – Мындан ары ат менен кетебиз. Бирок Кубат байкеңер келгенче күтө турушубуз керек.

– Кубат байкеге келгенибизди кантип билдиребиз? – деди Аида алды жактан көзүн албастан.

– Чын эле бул жерде телефон тартпайт да, – арттан Байэлдин үнү чыкты.

– Жарыкты өчүрүп-күйгүзүп Кубатка кабарладым, – деди Улан.

– Ошентип да байланышса болобу? – Байэл таң калды.

– Кубат байке биздин жарыкты көргөндө эле келгенибизди түшүнөт болушу керек, – деди Аида.

– Үйдө отурган болсо көрбөйт. Андан көрө сигнал берели, ошондо келгенибизди тезирээк билет болуш керек, – деди Байэл обдула берип, караңгыга көз жүгүртүп.

– Сигнал ал жакка жетпейт. Алыс. Үйдөн чыгып калар, жарыкты өчүрбөй турайын. Болжолдуу айтсам, машинанын жарыгы жүз чакырымдан көрүнсө, сигналы беш чакырымга да угулбайт, – деди Улан байке.


Үчөө сыртка чыгышты. Асманда жаркыраган жылдыздар дароо эле көзгө урунду. Шаарда алар мындай эмес экенин эстеп, суктана карап калышты.

– Тоого чыгып, жакындай түштүк да, – деди Байэл.

– Жок, балким, аба таза болгону үчүн жылдыздар бадырайып чоң көрүнүп жатат. Үч миң метр бийиктикке көтөрүлгөнүбүз чексиз асман үчүн кеп деле болбосо керек. Карасаңар, асман толо жылдыз жайнап турат. Алардын жарыгы миллиарддаган чакырымдарды басып, бизге жетет. Мен космос тууралуу китептерди көп окугам, – деди Аида.

– Туура. Ушул нурлардын арты менен космостун түпкүрүнө көзүбүз жетүүдө. Бирок асмандан бир да үн угулган жок. Ааламда укмуштай жарылуулар болсо да, асман тынч калат. Анткени үн абасыз боштуктан өтө албайт. Ал молекулалар аркылуу гана жылат, – деп түшүндүрдү Улан.






– Жылдыздардын жарыгына эч нерсе тоскоол болбойбу? Алар бизге канчада келет? – кызыкты Байэл.

– Тоскоол болбогону үчүн көзгө көрүнүп турат да. Мисалы, Күндүн нуру Жерге сегиз мүнөттүн айланасында келип жетет. Ал эми Күндөн кийинки эң жакынкы жылдыз Проксима Центавра жылдызынын жарыгы 4 жылдын айласында келет, – түшүндүрө баштады Аида.

– Ай-ийй! Ал ушунча алыспы?

– Ооба, азыркы космос кемелери менен Проксима Центаврага уччу болсок, 80 миң жылдын айланасында жетебиз, – деп окугандарын, көргөндөрүн эстеген Аида сөзүн улантты.

– Сексен миң! Ушунча көппү!

– Ооба, ошон үчүн адамзат, жок дегенде, жарык ылдамдыгында учкан космос кемесин ойлоп табышы керек. Антпесе, жакынкы космоско да чыкканга болбойт. Жылдыздарды коё туруп, Күн системасынын планеталарын өздөштүрүп алалы, – деди Улан.



– Байке, жарык ылдамдыгынан ашкан да тездиктер болобу? – деп космоско кызыгуусу артып, көптү билгиси келген Байэл суроо берди.

– Азырынча жок, ой ылдамдыгын эсептебегенде.

– Эмне үчүн ой ылдамдыгы эсептелбеши керек?

– Анткени ал материалдык эмес. Жөн гана адамдын божомолу, кыялы. Мындай ылдамдык жомокто же фантастикалык китептерде эле бар. Адамзат андай кыялдарды коюп, жарык ылдамдыгында учкан кеме курушу керек... Балдар, андай космос кемеси Айга канчада жетет деп ойлойсуңар? – деп балдардын кызыкканына ыраазы болгон Улан суроо узатты.

– Ал учканда бир, эки, үч деп санагыча көздөн кайым болот, ошол замат Айга да жетет, – деп Байэл суроого такалбай жооп бергенине компойду.

– Андай кемени куруу мүмкүн  эмес го? – деп Аида ойлоно түштү.

– Эмне үчүн мүмкүн эмес? Мындан алтымыш жыл мурда адамзат космоско биринчи жолу учкан. Азыр өнүгүү он эсе ылдамдады. Анткени окумуштуулар катуу изденип жатышат. Биз чоңойгондо, ал ишке ашып калат деп ойлойм. Демек, космосту өздөштүрүүгө биздин да салымыбыз кошулуп калышы мүмкүн, – деди Байэл ишенимдүү түрдө.

Алар жарым саатча сүйлөшүп туруп, чыйрыгып кетип, машинага кайра отурушту.

– Улан байке, бул жайлоонун аты кандай? – деп сурады артта отурган Аида.

– Орто-Сырт жайлоосу, Төө-Куйрук конушу. Эмне болду?

– Билишим керек болуп жатат. А биз турган жердин аты барбы? "Жөн эле сурап жатам. Кубат байкенин боз үйү турган жердин өзүнчө аты жокпу?"

– Аты Бел-Булак.

– Эмне кыласың аны? – Байэл бурулуп сурады.

– Азыр эле Кубат байкемдин дарегин айтып: "Кубат байке биз келдик. Бел-Булакта турабыз. Келип алып кетиңиз" деген ой түрүндөгү билдирүү жөнөттүм, – деди бир азга унчукпай отурган  Аида олуттуу тарта.

– Жөн отургандан көрө аракет кылыпсың, азамат. Бирок Кубат байкең уктап калган окшойт. Мейли, машина жылуу. Бүгүн шашпай эс алып, эртең менен жөө эле жетип барабыз, – деп Улан машинанын жарыгын өчүрүп, отургучка чалкалады.



– Жарык күйдү! Жооп бериңиз! – деп Байэл кыйкырып жиберди.

Улан караңгылыкка үңүлө берип, карайган тоонун түбүнөн жылтылдаган жарыкты байкады. Дароо унаанын жарыгын күйгүзүп-өчүрдү.

– Сенин оюңдан жиберген билдирүүң Кубат байкени ойготту окшойт, – деп Байэл күлүп калды.

– Билбейм, жөн эле дал келди го, – алды жакты обдула караган Аида ийнин куушурду.

– Балким, сен келечектин ой менен жиберилчү билдирүүсүн жөнөткөндүрсүң. Азыркы интернет байланышы деле илгери жомок эмес беле, – деди Байэл сырдуу карап.

Жарым сааттан кийин бир атты минип, экинчи атты жетелеген Кубат байке келип калды.

– Үргүлөп кетипмин. Өңүмдөбү, түшүмдөбү, кимдир бирөө; "Биз келдик" – деп, айтып жатыптыр. Чыга калып карасам, Бел-Булакта жарык күйүп турат, – деди Кубат байке учурашкан соң.

Бири-бирин караган үчөөнүн көздөрүнөн таң калуу байкалды.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Кубан Сапаралиев
Сүрөтчү: Аруукe Исакова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли